*Г.А. Ногойбаева, БГУ*

# РОЗА КАРАГУЛОВАНЫН ПОЭЗИЯ ЖАНРЫНДА КӨРКӨМ ЭСТЕТИКАЛЫК АЧЫЛГАСЫ

Дүйнөнү көркөм таанып билүүдөгү поэзиянын, ырдын ролу, нактай касиети жөнүндө В.Г.Белинскийдин айтканын эске салалы: “Поэзия – бактагы кулпурган роза гүлүн сүрөттөйт, анын жалаң заттык жагын алып таштап, анын жыпар жытын, анын назик өңүнүн кулпурушун алат да, жаратылыштагыдан да башкача өзүнүн назик жана кооз гүлүн жасайт”[1].

1970-80-жылдар - бул мезгил аялдар поэзиясында өзгөчөлөгөн көрүнүш болду. С.Акматбекованын “Жамгыр” аттуу алгачкы китеби жарыкка чыккандан

кийин кыргыз адабиятында интимдүү лирика, медиативдик ырлар орун ала баштаган. С.Акматбекова менен катар эле Р.Карагулованын ырлары тууралуу убагында көп сөздөр айтылган.

Айтсак, "...Адабиятта өзүнчө багыт катары калыптана албаса дагы, символизм менен натурализм чыгармаларына сиңишип жолуккан импрессионизмдин элементтери С.Акматбекова менен Р.Карагуловадан байкалды. Кыргыз адабиятынын үлгүлөрүн биз буга чейин агым, багыттарга ажырымдап карабагандан кийин, бул маселе талаштуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок жогорку эки акындын поэзиясын төл поэзиядан айырмалап турган көрүнүш — импрессионист сүрөтчүлөрдүкү сыяктуу алардын жазгандарында да эч кандай кескин контурлардын жоктугу, палитраларынын ачыктыгы, турмуштук кадимки эле көрүнүштөр жатканына байланыштуу, б.а., алардын ырларын окуп жаткан окурман баланча ыр жаратылыш же сүйүү, же өмүр жөнүндө деп бөлүп карай албайт. Ырларында ойлор өтмө катар жуурулушкан, "таза байкоого" артыкчылык берилип, алар искусствоводогу идея, жалпылоолордон, бүткөн жыйынтыктуу көрүнүштөрдөн баш тартышат. Ага караганда ар бир көз ирмемдик абалдарын, көз ирмемдик тышкы көрүнүштөрдү ырга салышат. Бул бир жагынан алардын дүйнө кабылдоодогу өзгөчө сезимталдыгына, экинчи жагынан дүйнөлүк адабияттан алган таасирлерине байланыштуу"[2] - дейт адабиятчы А.Эгембердиева.

Дүйнөнү көркөм кабылдоонун мындай жаңы көрүнүштөрү, кубулуштун адаттагыдан башкача кабыл алынып, жаңыча көркөм элестүү, предметке, көрүнүшкө, кубулушка кандайдыр бир өз алдынча жаңы көз менен кароо, туюу, көркөм ойлоонун жаңы стихиясынын ырдын бүт тулку боюна сиңип, мазмуну жаңы ажар, жаңы коздук менен ачып берүү аракетинин болуп жаткандыгы байкалат. Жүрөктү уялаган турмуштук сыр төгүү, түпкүлүгү чынчыл жана назик поэзияны С.Акматбекова, Р.Карагулова, Ш.Келдибекова, А. Узакованын ырларынан кезиктирсе болот. Ошондой эле, орус адабиятындагы Анна Ахматова, Марина Цветаева, Белла Ахмадулинанын поэзиясы менен дүйнөлүк адабият сыймыктанып окуп жатабыз. Жогоруда саналган акындардын ар биринин адабиятка кирүү жолу, андагы изденүү, акындык тагдырлары ар түрдүү. Алардын бардыгында тең негизинен коомдук темалар орун алса да, окурманга байкалып-байкалбаган ар биринин арман-өксүгү же бактысы бар экени сезилет.

Роза Карагулова кыргыз адабиятынын поэзия жанрына нукура көркөм асылдык чен-өлчөм менен алганда кыргыз поэзиясынын таланттуу акыны. Акындык табият, нарк-насил менен нускаган ырлары адамды түйшөлтүп, бул өмүрдүн асылдыгын, кайталангыстыгын, аруу ыйыктыгын жана азаптуу түйшүктүүлүгүн туюнтуп, күйүнтөт, ыр саптарында адамды ой чектирбей, санааркатпаган бир сабы жок. Чыныгы поэзия гана дал ушундай адамды азыктандырган, көрктөндүргөн, шык берген, улуу сезимдер, бул сезимдер болбосо поэзия кайдан жаралсын.

Роза Карагулованын ырлар жыйнагы «Кыз дүйнөсү» (1975-ж.), «Көл тынышы» (1977-ж.), «Жолдо» (1984-ж.) «Тынчы жок талаа» (1988-ж.), «Капчыгай» (1991-ж.) кыргыз көркөм дөөлөтүнүн ордолуу кенчи. Анткени, ар бир ыры ойго бай, ыйбаалуу, санаачыл, элестүү, жан дүйнөнүн, көңүлдүн ыргагын кылдат, көркөм чагылдырат. Турмушту, дүйнөнү мындай жеке кабылдоодо, баамдоодо өз алдынчалык, аналитикалык акыл иргөө поэзиябызда сейрек жолугат.

Акын жашоодо адамдардын убайымданган, санаа жуткан, кабатырланган, түпөйүлдөнгөн, түйшөлгөн, шагы сынган, түтөгөн, куштарланган ички жан дүйнөсүн таасын чеберчилик менен ачып, үлпүлдөгөн сезимталдык менен башкага туюнта алышы чоң акындык чеберчилиги, акындын ыр саптарынын туюнтулушунун өзгөчөлүгү - анын поэзиясынын сенин тагдырыңа өзөктөш, тамырлаш ички ыргакты, туюмду, маанайды козгоп тургандыгында:

...«Аба таза» деп ойлоого үлгүрөм
Автобустан түшө берип жаңыдан.
Көзгө түшөт гүл айдалган бир короо
Майда отундар самоорго жарылган.
Өзүмчө аста кубангансып коёмун
Кол арыкта ыкчам суунун үнүнө
Бүт тунгусу аман-эсен беймарал...
Айылдаштай жанга жагым бу дүйнө.
Эркелегим келип турат бүгүн бир,
Асылкечтүү теңтуштардын баарына [3].

Ар пенденин аруу сезимдерин, адеп-ахлагын, тирүүлүктөгү аздек сезимдерди, асыл достукту, ыйык биримдикти, махабаттын ачуу-таттуусун, башкача айтканда, дүйнөнү өз алдынча таанып-билүүсүн даңазалаган, ошого кудурети жеткен лирикалык, граждандык ырлары адамды маашыркантып далай ойго салат:

Тоолордо да, талааларда кар жатат,
Жалгыз түстөн көз талдырган бүт өрөөн.
Мисирейтип тазалыктын кыймылын,
Тоңдурмакка аяз андан күчөгөн.
Жаз келет деп, эрийбиз деп ойлобойт,
Дарактардын берметтенген шурусу.
Кыштын күнү узак , узак өзгөрбөй,
Жанга тиет өрөөн аппак турушу.
А тек гана табигый бир нерсе да,
Аяз каарып, жаз күттүрө бермеги.
Өмүр бою жазды тилеп өзгөрбөс,
Турган талаа, ойлоносуң сен нени?..[4]

Бийиктик, назиктик, ойчулдук, табигыйлык, ыйыктык жан дүйнөнүн асылдыгын чыркырап коргоо сыяктанган көп кырдуулугу анын поэзиясынын негизги өзөгү. Баарында аялзатынын кастарлоочу асылдык касиети, керемет жан сыры, үнү тунук тазалыгы ай жаркын чагылдырылган.

Суктанып адамдыктын дүйнөсүнө,
жашоону күндөй жарык сүйгүм келет» -

дегени анын жүрөк түпкүрүнөн кайнап чыккан турмуштагы өз туюму.

Тирүү толкун жалгызсырайт
Үзө тартып жан сырын.
А жүрөгүм эрксиз сүйөт,
Сүйөт ойго сүйөнүп -

деп кыялдануу менен анын муңайым кусалуу ырларына чөмүлөсүң. Акындын сезим дирилдеткен ырлары өтө арбын. Көңүл уйгу-туйгуланып, түйшөлүп, азап тартуусу ар кимдеги өксүк, арман. Өжөр тирүүлүк өжөрлөнсө дагы ага каршы туруп:

Сыздап калат неге көңүл күтүүсүз,
Көз карашка же сөздөргө урунуп.
Көл үстүндө туйлап турган толкундай
Желге айланып кетүүчүдөй суурулуп -

деп аруулантып, жабырланткан, дүрбөлөңгө салып ой агымына кептелткен чыныгы ыр саптары көңүлдү эргитет. “Сен алыссың” деген ырынын саптарында:

Сен алыссың,
Санаамдан да алыссың.
Кусалыкты жүрөгүмө агыздың,
Жакпай кетет жаай албай кайрадан,
Шамал кууган булут болуп калышың» -

деп акындын бул салыштыруулары өтө жандуу.

“А сырлар ыза батпас долу кыял,
тынчы жок табигый,
таасын менин оор мүнөзүмдөй» -

деп ынандырат. Анткени:

«Жеңилүүмдө бар болуудан түңүлбөй,
Жеңишимде бөксөлүгүн бир сезип...
Күтүүлөрдөн издеп таап өзүмдү,
Алып өтөм жаңы жээкке ой кечип,
Жазды туурап жашоо үчүн турмушта,
Кайталанып келүү үчүн турмушка...-

деп үмүткө, жашоонун түбөлүктүүлүгүнө ишентирет. Бул өз махабаты үчүн күрөшкөн инсандын ички жан дүйнөсү. Аны акын таасын чагылдырган :

Анан кантсин, кайгы эмеспи адамга,
издегенин таппай өтүү дүйнөдөн...» -

көрсө сүйүү бакыт эле эмес, арыбас арман, бүтпөс ыр экен.

Көңүл кушун алаксытып,
кыял мага кылат далай санатты, - дейт.

Көрсө дүйнөнү кабылдоону, чагылдырууну жон териң менен сезиш керек турбайсыңбы. Ушуга келгенде акын ооруп турган көңүлүн муңайым айтат, жаап-жашырбай улам ачылат. Анын өзгөчөлүгү ушунда, ырларынын жеке стили, үнү, өз интонациясы, тубаса багыты, көрөңгөлүү дүйнө таанымы менен айырмаланат.

Акындын поэзиясынын негизги өзөгү таза сезимди, адамгерчиликти, түшүнүшүүнү асыроо, ыйыктоо жана адал жүрүп бирин-бири ак ниет колдоо, ал абасудай адамга өтө зарыл керек экенин айтат. Ансыз да тагдырдын таш боордугу, табышмагы арбын дейт. Аялзатынын таза ишенимин, ыйманын, үй-бүлө, сүйүүнү коргоосу, бүлөөдөгү кара жолтой тоскоолдуктарга наараза болушу, акындын ички кредосу сыяктанат. Мис., «Жүрөк жөнүндө ырында» мындай:

Бастым жолду куш канатын талыткан,
Уктум сөздү жалаң, заарын агыткан.
Адам дагы, турмуш дагы тескеди,
Кайткын деди,
Жүрөк үнү айдап жүргөн багыттан.

“ Турмуш жөнүндө” деген ырынын саптарында:

Ыйлап жатсак турмуш турду иши жок,

Себеби:

мерездерди эзбейт сезимдер.
Жеткен жерин күйгөн чөптөй кууратчу,
ачуу сөзгө себеп даба бар бекен?

Ошондуктан:

Унутулсун жагымы жок нерселер, - дейт.
Дегим келет:
Келберсиген, кеңирсиген табият.
Окшотсоңчу, бир өзүңө, бүткүл адам ыйманын -

дегени дүйнөлүк түйүндүү маселе. Чиркин, «турмуштагы жан кейиткен нерселер санаалардын кирдешинен башталганын» акын таасын айтат. Ыймандын, көңүлдүн кирдегени, бүгүнкү күндүн да оор, жапа чектирген көйгөйлөрүнүн бири.

Тынч жашайлык дедик эле баарыбыз,
Колдон келсе санааларды оорутпай.
Жаңылыштык бар өңдөнөт ошондо,
Турмуш неге көнө бербейт ошого.

же

Адамдардын кыянаттыгы жетпеген,
Болгум келет жаш баладай табигый.
Адамдагы кир ойлорду сезбеген.

Ошенткен менен турмуш ыргагы, тагдыр табышмагы көп:

Барсыңбы?» деп бирөө жүрөт жол жакта,
Бардыгынан аша кечип олтурсам -

дейт кайра акын көңүл кирдегени менен тирүүлүк бүтпөйт, ал уланат, кайталанат, үмүттөндүрөт. Кээде шаңдуу жарк дей түшөт. Ички сезим булүнбөгөн, эчен муздап, нечен жалындаган учур азбы? Акын ошо опоосуз жан дүйнөсү эрте кирдегендерди:

Өзүңдү сүйүп калгым келээр балким,
Көңүл суун махабаттан жүргөн менен.
Жашабай келди-кетти сезим менен,
Бирөөнү сыздай сүйүп калсаң экен -

дейт. Таза сезим аркылуу аруулануу, тазалануу, кайра жаралуу, оңолуу түпкүлүгү оң көрүнүш го. Карасаңыз:

сүйүктүүмдүн элесине жылынат,
көңүлдөгү баардык назик өзгөрүү -

деп өмүрдөн пенденин көңүлү калбастыгы. Сезимди буй кылып, муңкантып, кууратккан:

Ниетинде аяп туруп какмалайсың,
Бактымды кармап турган шорумдайсың» -

деп болгон ниетке жараша жашоо жаралаары жөнүндөгү турмуш чындыгы:

Кайталана берчү тагдыр сынынан,
Калды менде эсеп жеткис тирүү муң,
Ким бирөөгө бөлүшүүнү тилеген

Бирок кандай болсо дагы:

Түн уйкудан безип турган эмне адам,
Жалгыз бекен, жаралуубу намыстан.
Жек көрүүбү же сүйүүбү, кызганычпы
Көкүрөктө бир от күйүп турган оң - дейт .

Дал ушунусу менен адамзат улуу, карама-каршылыктуу, түбөлүктүү го. Бул жашоонун маңызы.

Туйгум келет сагынычыңды чынчыл ак,
Таш булактай көк аскага сыйбаган.
Жакшы көргөн адамымдын жоосунун,
Түбөлүк бер, унута албай калайын .

Жыйынтыктап айтсак, акын Роза Карагулова замандаштарынын турмушка болгон мамилесин, мүнөзүн доордун өз күзгүсүнөн лирикалык каарман аркылуу таасын чагылдырат.

Өмүрдүн баары жаралса жалкы ааламга,
Тынчыбай алар түгөйүн издейт эмнеге,
Табылса танат, себеби аны ким билсин?
Кейишет анан, кейүүчү себеп аз беле?..
Махабат, сени макташса жүрдүк ишенип,
Мээрбан десе, мээримдүү жылан экенсиң.
Умтулуп сага көп күйүп жатат жүрөктөр
Тана алгыс кылып баркына кимдин жетесиң? [5]

Бул уникалдуу саптар жалпы адамзатка тиешелүүлүгү менен баалуу. Бул өлбөстүккө умтулуу эмес, өмүргө куштарлануу, жашоого кумарлануу, келечекке жоопкер болуу. Асыл нарк кандай максатка умтулганы, аткарылганы менен ченелип өлчөнөт эмеспи. Ар бир талант өзүнүн деңгээлине жараша коом менен мезгилдин сынынан өтүп, иргелип, анан барып тарыхтагы өз ордун ээлеп калышы керек.

Роза Карагулованын стили, манерасы жана акын катарында башкалардан айырмаланган өзгөчөлүктөрү келечекте илимий изилдөөлөрдү талап кылып турат.

***Адабияттар***

1. Эркебаев А. Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы. – Ф., Кыргызстан, 1980.
2. Эгембердиева А. Кыргыз аялдар поэзиясы, көркөм табият, тарыхый өнүгүү идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү.- Б., 2010.
3. Карагулова Р. Тынчы жок талаа. //Ырлар жыйнагы – Ф.,Кыргызстан, 1988. -8-б.
4. Карагулова Р. Күнгө сыр айтуу.Поэма. \\Капчыгай –Б., 1991 –24-б.
5. Карагулова Р. Капчыгай –Б., 1991. – 12-б.